♦ Рыноктун лидерлери

# Муз ордунан козголду, бирок анын жылышы талаптагыдай эмес

*Биздин өлкөдө рыноктук мамилелерге өткөнгө аракет кылып жатканыбызга дээрлик 20 жылга аяк басса да, рынок экономикасынын башкы индикаторлорунун бири болгон фондулук рыногубуз талаптагыдай өнүкпөй жатат. Ал ортодо мамлекет тарабынан буга чейин тармакка көңүл бурулбай келсе, аталган рыноктун оюнчулары өздөрүнүн аракеттери менен кандайдыр-бир натыйжаларга жетишип келишет. Ошондой аракеттердин бири – Кыргыз фондулук биржасы тарабынан жыл сайын өткөрүлүп келе жаткан "Фондулук рыноктун лидерлери" конкурсу. Ал баалуу кагаздар рыногунун активдүү катышуучуларын моралдык колдоо максатын көздөйт.*

### 16 жыл өттү, а фондулук рыногубуз дагы деле башкаларга салыштырмалуу артта калып келет

Быйыл бул конкурстун жыйынтыктарын чыгаруу учурунда дагы бир дата эскерилди. Бул иштердин демилгечиси болуп келген Кыргыз фондулук биржасы ачылып, иштей баштаганына 16 жыл болду. Мына ошондуктан биздин өлкөдөгү баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүүгө чоң салым кошкон биржанын ролун ашыра баалоого болбойт. Бул жылдарда ал өлкөдөгү баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүүдө, анын мыйзамдык базасын түзүүдө жападан-жалгыз институт да болуп калып жатты.

КФБнын теңтөрагасы Абдуталип Султанов белгилегендей, бизде баалуу кагаздар рыногунун калыптанышы, кошуна өлкөлөргө салыштырмалуу узакка созулду. КФБ фондулук рыноктун республикадагы флагманы болуп калды. Эми мында мамлекеттик баалуу кагаздар менен да соода жүргүзүлмөкчү. А буга чейин мындай сатыкты жүргүзүүнү Улуттук банк да, Финансы министрлиги да ишенип берген эмес.

А.Султановдун пикири боюнча, быйылкы жылдагы Кыргыз фондулук биржасы менен Кыргызстандын фондулук биржасы – БТСтин биригүүсү да фондулук рыноктун өнүгүүсүнө чоң түрткү берген. Натыйжада биржада соода кылышкан брокерлердин саны да эки эсеге өсүп, алардын ортосундагы атаандаштык да жогорулады. Бул фондулук рыноктогу кыймылдын жандануусуна, соодалардын көп болушуна, жаңы рыноктук аспаптардын пайда болушуна алып келмекчи.

– Азыр КФБ 2 чет элдик акционерге жана 16 брокерге ээ, бир катар эл аралык, мамлекеттер аралык биржаларга мүчө, – дейт Нурлан Мамытов, директорлор кеңешинин төрагасы. – Азыр анын аянтчасында өлкөдөгү сатуулардын катышуучулары толук бойдон жана рыноктук бүтүмдөрдүн дээрлик 90 пайызы камтылган. Биз азыр баалуу кагаздар рыногунун бул аянтчасына мамлекеттин кирүүсүн күтүп жатабыз. Жыл аягына чейин ал кирсе, анда бизде мамлекетте бирдиктүү бир биржа болуп калмакчы.

### Баалуу кагаздарга акча салгың келсе, "Росказмет" бар

Баалуу кагаздар рыногуна экинчи ирет облигацияларын чыгарууга батынган компания "Росказмет компаниясы" ЖЧКсы болуп калды. Анын облигацияларынын биринчи эмиссиясы өткөн жылы 29-октябрдан 5-ноябрга чейин 30 миллион сомго ийгиликтүү жайгаштырылган. Ушундай жол менен алынган каражаттарды компания металлпрокатын берүүлөрдүн жана сатуулардын көлөмүн көбөйтүүгө жумшаган. Мындай финансы тартуунун рыноктук рычагынын натыйжасында компаниянын жүгүртүүсү жана алынган каражаттардын көлөмдөрү олуттуу көбөйгөн, ал ишкананын финансылык көрсөткүчтөрүнө оң таасирин берген. Ал эми биринчи чыгарылыштагы облигациялардын ээлери 2011-жылдын 29-январында жана 29-апрелинде биринчи жана экинчи пайыздык мезгил үчүн 20% жылдык пайыз өлчөмүндө кирешелерди алышкан. Эгерде азыр коммерциялык банктардагы банктык депозиттердин эң жогорку суммасы 11% өлчөмүндө экенин эске алсак, анда кирешелүүлүгү боюнча бул баалуу кагаздардын артыкчылыгы даана көрүнүп турат.

Эми компания 60 миллион сом суммада жогорудагы эле шарттарда облигациялардын экинчи чыгарылышын жүзөгө ашырды. Ал 3 жылдык мөөнөткө, 20 кирешелүүлүк менен жүгүртүлмөкчү. 19-майдан баштап жайгаштырыла баштады. Рынок шарттарын жакшы түшүнгөн адамдар мындан пайдаланышса болот.

Буга чейин өткөн жылдары "Абдыш-Ата" компаниясы ушундай эле шарттарда облигация чыгарган. Жалпысынан өлкөдөгү облигациялар рыногу иштей баштаган 2000-жылдан бери 15 атамекендик компания баалуу кагаздарды чыгарган. Алардын жалпы суммасы 11 миллион долларга жакын. Бул сандар биздеги фондулук рыноктун абалын сүрөттөп турат.

Баалуу кагаздар рыногунун өнүгүүсү капиталдын банктардын ортомчулугусуз экономиканын реалдуу секторуна агылуусуна, калктын инвестициялык активдүүлүгүнүн жогорулоосуна, институционалдык инвесторлордун санынын көбөйүүсүнө жана банк депозиттери боюнча ставкалардын жогорулоосуна алып келмекчи.

### Конкурстун жеңүүчүлөрү

Курамы жети адамдан турган конкурстук комиссия "Фондулук рыноктун лидери" конкурсунун жыйынтыктарын чыгарышты. Натыйжада "Эң мыкты листинг компаниясы" номинациясында 5 компания атаандашып, жыйынтыгында "ФинансКредитБанк КАБ" ААКсы, "Жылдын эмитенти" номинациясында 5 атаандашынан озгон "Росказмет компаниясы" ЖЧКсы, "Финансы секторунун лидери" номинациясында 4 компаниядан "Кыргызстан коммерциялык банкы" ААКсы, "Жылдын компаниясы" номинациясында 8 компаниядан алдыга озгон "Манас" Эл аралык аэропорту" ААКсы аталышты. "Жылдын мыкты менеджери" номинациясында 8 компаниянын жетекчилери мээрей талашып, добуш берүүнүн жыйынтыгы менен "ЮниКредитБанк" ААКсынын Башкармалыгынын төрагасы Бейбут Капышев жеңип чыкты.

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,
"Кыргыз Туусу"